DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Акматова А.Т.*

# ЖОЛ-ТРАНСПОРТ КЫРСЫКТАРЫН КОНЦЕНТРАЦИЯЛОО УЧАСТОКТОРУНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЙМЫЛ КООПСУЗДУГУНУН ЖОГОРУЛАТУУ ҮЧҮН КОМПЛЕКСТҮҮ ИШ-ЧАРАЛАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУ

*Акматова А.Т.*

# РАЗРАБОТКА КОМПЛЕКСНЫХ МЕРОПРИЯТИЙ ДЛЯ ПОВЫШЕНИЯ БЕЗОПАСНОСТИ ДВИЖЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ НА УЧАСТКАХ КОНЦЕНТРАЦИИ ДОРОЖНО-ТРАНСПОРТНЫХ ПРОИСШЕСТВИЙ

*A.T. Akmatova*

# DEVELOPMENT OF INTEGRATED MEASURES TO IMPROVE TRAFFIC SAFETY IN THE KYRGYZ REPUBLIC IN THE AREAS OF CONCENTRATION OF ROAD AND TRANSPORTATION INCIDENTS

*УДК: 343*

*Автомобиль жолдорундагы кыймылдын коопсуздугу комплекстүү иш-чараларды өткөрүү менен камсыздалышы мүмкүн: автомобилдердин жана башка транспорт каражаттарынын конструкцияларын өркүндөтүү менен; транспорт каражаттарынын техникалык абалын контролдоо менен; айдоочулардын жана жөө адамдардын жол жүрүү эрежелерин бекем сакташы менен; жогорку ылдамдыкта авто унаалардын жүрүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыздоочу жол шарттарын түзүү менен; айдоочулардын жол шарттары жана кыймыл режими жөнүндө тийиштүү маалымат менен камсыз кылуу аркылуу. Жол кырсыктары көпчүлүк аймактарда болуусу, айдоочулар кыймылдын ылдамдыгын кескин азайтуу зарылдыгын пайда кылган учурда жол шарттарын капыстан өзгөртүүгө туш болууда. Кыргыз Республикасынын ИИМдин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча башкы башкармалыгынын (ЖККББ) адис-кызматкерлерин кесиптик даярдоо актуалдуу жана маанилүү маселе болуп эсептелет. Бул ишти ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары тарабынан комплекстик иш-чаралар жүргүзүлүүдө.*

***Ключевые слова:*** *адис, кесипкөйлүк, ылдамдык, иш-чаралар, транспорт, балдар, мыйзам, контрол.*

*Безопасность движения на автомобильных дорогах может быть обеспечена проведением широкого комплекса мероприятий: совершенствованием конструкций автомобилей и других транспортных средств; контролем технического состояния транспортных средств; строгим соблюдением водителями и пешеходами правил движения по дорогам; созданием дорожных условий, обеспечивающих возможности движения автомобилей с высокими скоростями; надлежащей информацией водителей о дорожных условиях и режиме движения. Дорожно-транспортные происшествия происходят чаще всего в местах, где водители сталкиваются с внезапными изменениями дорожных условий, вызывающими необходимость резкого снижения скорости движения. Профессиональная подготовка специалистов-сотрудников главного управления по обеспечению безопасности дорожного движения (ГУОБДД) МВД Кыргызской Республики является актуальным и важным вопросом. В целях реализации этой работы проводится комплекс мероприятий со стороны государственных органов Кыргызской Республики.*

***Ключевые слова:*** *специалист, профессионализм, скорость, мероприятия, транспорт, дети, закон, контроль.*

*Traffic safety on highways can be ensured by a wide range of measures: improving the design of cars and other vehicles; control of the technical condition of vehicles; strict observance of road traffic rules by drivers and pedestrians; the creation of road conditions that provide the ability to move vehicles at high speeds; adequate information to drivers about road conditions and driving patterns. Road traffic accidents occur most often in areas where drivers are faced with sudden changes in road conditions that necessitate a sharp reduction in speed. Professional training of specialists-employees of the Main Traffic Safety Administration of the Ministry of Internal Affairs of the Kyrgyz Republic is an urgent and important issue. For the purpose of implementation, a set of measures is being taken by the state bodies of the Kyrgyz Republic.*

***Key words***: *specialist, professionalism, speed, events, transport, children, law, control.*

Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын жетекчилиги коомдук тартипти сактоо жана жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо багытындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн отурумдарында жана мамлекеттик органдар, жарандык коомдор уюштурган форум жана семинарларда катышты [1].

Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарында жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо багытындагы ишмердүүлүктүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында төмөндөгү ченемдик-укуктук актылардын долбоору иштелип чыгып, бекитилди:

Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына («Кыргыз Республикасындагы жол кыймылы жөнүндө» мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын №29 сандуу Мыйзамына 2019-жылдын 21-февралында Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан колу коюлуп, ушул эле жылдын 4-мартынан баштап күчүнө кирди [2].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу багытында ЖККК бөлүктөрүнүн ишмердүүлүгүн массалык маалымат каражаттары аркылуу объективдүү, так жана өз убагында чагылдыруу, ошондой эл жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуудагы оорчундуу маселелерди коомчулукка жеткирүү боюнча бир топ иштер аткарылды.

Алсак, массалык маалымат каражаттары жана республикалык басма сөз органдары менен тыгыз иш алып барып, 2019-жылдын 9 ай аралыгында жалпы 3616 маалымат чагылдырылып, анын ичинен; интернет булактарына -1818, телевиденияга -117, радиого -584, гезит беттерине -161 жолу маалыматтар чагылдырылды.

2019-жылдын 3-жана 6-сентябрь күндөрү КР ИИМдин Академиясынын базасында Билимди баалоо жана окутуу усулдары борборунун кызматкерлери тарабынан катышуучуларга карата тестирлөө өткөзүлгөн. Комиссия тарабынан жалпы **559** катышуучунун арасынан **206** катышуучунун тестирлөөгө катышуусу боюнча чечим кабыл алынган. Тестирлөөнүн жыйынтыгында:

**- 142** талапкер тестирлөөдөн өтүп, **- 20** талапкер өткөн жок. **- 44** талапкер тестирлөөгө катышкан жок.

2019-жылдын 9-сентябынан 13-сентябрына чейин, **жалпы 559 катышуучунун арасынан 417 катышуучуга комиссия тарабынан** дене-тарбия боюнча сынакка катышуусу боюнча чечим чыгарылып; Бишкек ШИИББнын МКК полкунда жайгашкан «Динамо» стадионунда дене-тарбия боюнча сынак өткөрүлдү. Жыйынтыгында:

**- 203** талапкер сынактан өттү; **- 133** талапкер өтпөй калды; **- 81** талапкер катышкан жок.

2019-жылдын 17-19-сентябрь күндөрү КР ИИМдин Академиясынын имаратында сынактан өткөн 203 талапкер жана долбоордун 1-этабынан өткөн **77** катышуучу, жалпысынан биригип 280 талапкер аңгемелешүүгө катышып, натыйжада алардын ичинен **223ү** аңгемелешүүдөн өткөн.

Алар Кыргыз Республикасынын ИИМдин Академиясына 3 айлык мөөнөткө окууга жолдомо алышкан. Ошондой үле, 1-этапта сынактан өткөн 12 талапкер кошулуп, жалпы **235** талапкер 2019-жылдын 7-октябрынан тарта КР ИИМдин Академиясына окуу-үйрөтүү иш-чараларына жөнөтүлмөкчү. 2019-жылдын 1-октябрында Кыргыз Республикасынын ИИмдин Академиясынан окутуп-үйрөтүү курсуна жиберилген 279 угуучунун арасынан 18и окуудан ар кандай себептер менен кетирилип, **261** бүтүрүүчү атайын сертификатка ээ болушту жана Кыргыз Республикасынын ИИМдин 2019-жылдын 2-октябрындагы №832-буйругунун негизинде, 2019-жылдын 15-октябрына чейин атайын практикалык үйрөтүүдө (стажировка) ИИМдин Академиясында өткөрүлгөн. Ошондой эле, жогорудагы буйруктун негизинде, сынактан 2-турунан өткөн 235 талапкер, атайын окууга жиберилди [3].

2019-2020-жылдарда жаңыдан түзүлүп жаткан Милициянын кайгуул кызматынын материалдык техникалык базасын чыңдоо жана кызматкерлердин айлык маянасына кошумча акчалай каражаттарды камсыздоо үчүн жалпысынан кошумча 381млн. 870 миң 700 сом акчалай каражатын бөлүп берүү жагы каралган. Анын ичинен: 2019-жылга - 197 млн. 237 миң 300 сом бөлүп берилмекчи. Ал эми, 2020-жылга - 184 млн. 633 миң 400 сом акча каражаты бөлүнүп берилмекчи. [4] Мындан сырткары, ЖККК бөлүктөрү тарабынан мектеп окуучулары арасында жол кыймылынын коопсуздугу боюнча **30 040** жолу калкуулар жана лекциялар өткөрүлдү. Ошондой эле, **3596** жолу жеке автоунаа мекемелеринде жана 3455 коомдук транспорт бирикмелеринин айдоочулары менен профилактикалык багыттагы жолугушуулар өткөрүлдү. Алардын катышуусудагы жол-унаа кырсыктары жөнүндө **846** маалымат жана түшүнүктөр мектептерге, билим берүү бөлүмдөрүнө жөнөтүлдү.

Республика аймагында **2236** мектеп окуу жайына **840** ЖККК бөлүктөрүнүн кызматкерлери бекитилип, **7688** мектеп окуучусунан турган **961** жол кыймылынын жаш тескөөчүлөрү уюмдары, **717** ЖККК класстары жана **1619** атайын бурчтар уюштурулду. Жаш өспүрүмдөрдүн катышуусундагы жол кырсыктарын алдын алуу масктында 2019-жылдын ишмердүүлүгүн уюштуруу иш-мерчемин 2019-жылдын 16-январында чыгыш саны №20-12-167 сандуу, Облустарга жана шаарларга коштомо кат менен жиберилип иш алып барылууда. 2019-жылдын 1-январынан мыйзамдын күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндөгү кодекстин негизинде калкка түшүндүрүү жана туура маалымат берүүдө, республиканын бардык аймактарында жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу түшүнрүү иштери жүргүзүлүп, түз эфирлер уюштурулду.

«Эрежени сактоо менен-өмүрдү сактайбыз!» деп аталган акция өткөрүлүп, анын жүрүшүндө жаш өспүрүмдөр арасында жол-унаа кырсыктарын азайтуу, үгүт-насаат иштерди күчөтүү, ошондой эле жарык чагылдыруучу элементти кандай колдонуу керектиги жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин студенттери катышуусу менен «Эреже бил - коркпой кадам ташта!» деп аталыштагы акция өткөрүлүп, анда КР ИИМдин ЖКККББнын өкүлдөрү

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



студенттер арасында жолдо жүрүү эрежелери тууралуу пикир алышышты. Кыргыз Республикасынын ИИМдин ЖККББы Бишкек шаарындагы №25-орто мектебинин башталгыч жана орто класстын окуучуларына коопсуз жол кыймылына багытылган үгүт-насаат иш-чарасын өткөрүштү. Балдар тескөөчүлөгө алар жолдон кантип жана кандай отоорун айтып беришти. ЖКККББнын кызматкерлери балдардын көңүлүн окуу жайдын жанында жайгашкан өтө кооптуу жолдорго бурду, кечки убакта жолдо өзүн кантип алып жүрүү керектигин ошондой эле окуучуларга көпчүлүк курдаштары жолдон өтүүдө кетирген каталарын көрсөтүп беришти. 2019-жылдын 31-январында кыргыз Республикасынын ИИМдин ЖКККББнын кызматкерлери «Коопсуздук-бул заманбап!» аталышындагы акцияны «Айчүрөк» лицейинин окуучулары менен жол кыймылынын коопсуздугуна арналган иш-чара өткөрдү. Тескөөчүлөр окучу кыздарга жолдон кантип туура жана коопсуз өтүү керектигин, кантип жана эмнеге жарык чагылдыруучу каражаттарды колдонуу керектиги жөнүндө эскерте кетишти.

2019-жылдын 5-февралында Кыргыз Республикасынын ИИМдин ЖКККББнын кызматкерлери Москва районунун ЖККБнын кызматкерлери менен биргеликте Москва районунун Биринчи май орто мектептеринде жана №3-орто мектептеринин окуучуларына жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо боюнча үгүт-насаат иш-чарасын өткөрдү. Иш-чаранын негизги максаты жарык чагылдыруучу элементин сыртткы кийимдерге колдонуусу жана окуучулардын жолдо өзүнүн коопсуз алып жүрүүсүнө багытталган. Кызматкерлер окуучуларга жана ата-энелерге жөө жүргүнчүлөрдүн жолдо кетирген каталары тууралуу айтып беришти.

**2019-жылдын 12-февраль күнү** Нарын облусунун Нарын шаарындагы Э.Ибраев жана К.Жакыпов атындагы орто мектептин окуучуларына ЖКККБнын кызматкерлери тарабынан жаш өспүрүмдөрдүн катышуусундагы жол кырсыктарын алдын алуу жана болтурбоо максатында жол кыймылынын эрежелери боюнча сабактарды өткөрүштү.

**2019-жылдын 2-мартында** «Бишкек парк» соода борборунда «Коопсуздук бул-саркеч» аталышындагы үгүт-насаат иш-чарасы өткөрүлдү . Мындай иш-чара Кыргыз Республикасынын ИИМдин ЖКККББ жана Бишкек ШИИББнин биргеликте болуп өттү. Акциянын максаты – жол кыймылынын чоң жана жаш өспүрүмдөр катышуучуларын жазгы мезгилде балдар көчөлөрлүн жээгине ойногондо коопсуздугун сактоо жана жолкыймылынын эрежелерин так аткаруу. Иш-чарага жалпысынан 1000ден ашуун жаран катышып, алардын ичинен 100дөн ашууну жаш өспүрүмдөр болду. 2019-жылдын 6-мартында Ыссык-Көл облусу боюнча ЖКККБнын кызматкерлери Каракол шаарындагы М.Горький атындагы №11 мектеп гимназиясынын окуучулары менен биргеликте «Абайлыга балдар!» аталышындагы үгүт-насаат иш-чарасы өткөрүлдү.

Кыргыз Республикасынын ИИМдин ЖКККББы тарабынан республика аймагында 2019-жылдын 1-мартынан 31-мартына чейинки аралыкта «Балдар биздин келечегибиз!» деп аталыштагы иш-чара уюштурулуп, анда жер-жерлердеги ЖККК бөлүктөрүнүн кызматкерлери тарабынан жаш өспүрүмдөрдүн катышуусундагы жол унаа кырсыктарын алдын алуу жана болтурбоо максатында жолго жакын жайгашкан мектеп окуу жайларында Жол кыймылынын жаш тескөөчүлөрү менен биргеликте айдоочуларга жана башталгыч класстын окуучуларына жол кыймылынын эрежелерин үйрөтүп, түшүндүрүү иш-чараларын өткөрүштү. 2019-жылдын 18-апрелинде Бишкек шаарында жайгашкан эски аянтта жаш өспүрүмдөрдүн катышуусу менен жол кырсыктарынын алдын алуу, жаш өспүрүмдөрдү жолдо өздөрүн алып жүрүү эрежесине үгүттөө максатында Бишкек шаарынын мэриясы менен бирге атайын акция өткөрүлүп, анны «Карнавал шоу» оюн-зоок тобу жана эстрада жылдыздары коштоду. Аталган акцияга 500гө жакын жаш өспүрүмдөр ата-энелери менен катышты.

2019-жылдын 27-апрелинде «Айым авто» айымдар клубунун «Дайна тур» туристтик фирмасынын жана «Карнавал шоу» оюн-зоок тобунун өкүлдөрү менен биргеликте жаш өспүрүмдөр менен байланышкан жол кырсыктарынын алдын алуу, балдарга жолдо жүрүү эрежелерин үгүттөө алкагында Чүй облусунун Панфилов районунда жайгашкан балдар үйүндө кайрымдуулук акциясы өткөрүлүп, акциянын жүрүшүндө аталган балдар үйүндө тарбияланып жаткан балдарга үй-тиричилик буюмдары, кеңсе товарлар, китептер, таттуулар, буюмдар жана белектер берилди. 2019-жылдын 18-май күнү мектеп окуучулары арасында жаш өспүрүмдөрдүн катышуусундагы жол кырсыктарын алдын алуу, болтурбоо, жаштарга жол кыймылынын эрежелерин үйрөтүү жана мекенди коргоо сезимдерин күчөтүү максатында Бишкек шаарындагы «Сейтек» балдар борборунда республикалык «Жол кыймылынын жаш тескөөчүлөрү» аттуу кароо-сынагы өткөрүлүп, ага республиканын 7 облусунан жана 2 шаарынан келген 9команда катышып, жыйынтыгында конкурстун тапшырмаларын эң мыкты чеберчиликте аткарган командалар жеңишке жетип, баалуу сыйлыктар менен сыйланды.

2019-жылдын 21-май күнү Ош шаарындагы «Шанхай» мейманканасында Ош шары, Ош, Джалал-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Абад, Баткен облустарынын БУУ (ООН) Юнисеф балдар фонду менен биргеликте жаш балдардын жолдордон өтүүсү, жол эрежесин сактоосу деп аталыштагы семинар өткөрүлдү. Семинардын жүрүшүндө ЖКККББНын жоопту кызматкерлери волонтерлорго жөө жүргүнчүлөргө кандай учурда өз коопсуздугу үчүн кам көрбөй, жол эрежелеринин бузат жана кырсыкты алдын алуу максатында кантип иш алып бару керектиги жөнүндө окутуп-үйрөтүү иш-чаралары өткөрүлдү.

2019-жылдын 29-май күнү чыгыш №20-12/2520 сандуу көрсөтмө даярдалып, республиканын аймактарындагы ЖККК бөлүктөрүндө 1-июнь «Балдарды коргоо» күнүнө карата, балдар үйлөрүндө, мектеп-интернаттарда белектер берилип, балдардын коопсуздугун алдын алуу багытында иштер уюштурулду. 2019-жылдын 8-июнь күнү чыгыш №38-р сандуу буюртма даярдалып, ага ылайык жаш өспүрүмдөрдүн жайкы эс алуу учурунда алардын коопсуздугун камсыздоо, жаш өспүрүмдөр жайгашкан жайларда, лагерлерде жана жайкы эс алуу жайларында ЖККК бөлүктөрүнүн кызматкерлери тарабынан тийиштүү иш-чаралар өткөрүлдүүдө.

2019-жылда жайкы туристтик мезгилге даярдык көрүү жана өткөрүү жана учурунда коомдук тартипти жана жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу багытында КР ИИМдин ЖКККББы тарабынан төмөнкү иш-чаралар жүргүзүлдү: 2019-жылдын 7-майында Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан «2019-жылда жайкы туристтик мезгилге даярдык көрүү жана өткөрүү учурунда коомдук коопсуздукту жана жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо жөнүндө» №380-б буюрмасынын негизинде, ага ылайык КР ИИМдин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо бөлүктөрү тарабынан жайкы туристтик мезгил учурунда Ыссык-Көлдүн жээгинде жайгашкан пансионаттарда, санаторияларда жана денсоолукту чыңдоочу эс алуу жайларында комдук тартипти жана жол кыймылынын коопсуздугун сактоо боюнча төмөнкү уюштуруу-практикалык иш-чаралар жүргүзүлдү: Тагыраак айтканда, 2019-жылда жайкы туристтик мезгилге даярдык көрүү жана өткөрүү учурунда коомдук тартипти жана жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу максатында КР ИИМдин ЖКККББнын планы иштелип чыгып, 2019-жылдын 13-майында КР ИИМдин ЖКККББнын жетекчилиги тарабынан бекитилип (2019-жылдын 13-майындагы ички кириг №230 саны), планда мерчемделген иш-чараларды өз убагында так жана сапаттуу үчүн жер-жерлердеги ЖККК бөлүктөрүнө жиберилди [4]. Жайкы туристтик мезгилди өткөрүү учурунда Чүй облусунун аймагынан өткөн туристтик багыттагы автожолдордо (8 жылып жүрүүчү ЖККББнын автопатрулдары) жана Ысык-Көл облусунун аймагынан өткөн туристтик багыттагы автожолдордо (14 жылып жүрүүчү ЖКККББнын автопатрулдары, анын ичинен түштүк багыттагы автожолдожылып жүрүүчү ЖКККББнын автопатрулдары) жалпысынан 22 жылып жүрүүчү ЖКККББнын автопатрулдары көзөмөл жүргүзүлүп турду.

Алыскы жана жакынкы өлкөлөрдөн келген туристтердин жеке жана жол коопсузжугун эс алуу учурунда камсыздоо жана ыңгайлуу щарттарды түзүү максатында:

– Чүй облусунун аймагында туристтик багыттагы «Бишкек-Манас аэропорту», «Бишкек-Кордай», «Чоң-Арык-Ала-Арча эс алуу паркы», «Красная-речка-Ысык-Ата», «Петровка-Нарзан булагы», «Ош-Бишкек», «Бишкек-Нарын-Торугарт» автожолдору жана «Бишкек-Ош» автожолунун 134, 160-чакырымдарындагы, «Бишкек-Нарын-Торугарт» автожолунун 72-137-чакырымындагы орто-аралык токтоп эс алуучу жайлары текшерүүдөн өткөрүлүп, аныкталган кемчиликтер боюнча тийиштүү жол тейлөө мекемелеринин жетекчилерине кемчиликтерди жоюу боюнча тийиштүү эскертмелер берилип турду.

– Нарын облусунун аймагында туристтер эс алуучу Соң-Көл, Чатыр-Көл, Кең-Саз, Ак-Сай жана Ат-Башы районунда жайгашкан «Таш-Рабат» тарыхый комплексине алып барган автожолдор текшерүүдөн өткөрүлүп, аныкталган кемчиликтер боюнча тийиштүү жол тейлөө мекемелеринин жетекчилерине кемчиликтерди жоюу боюнча тийиштүү эскертмелер берилди.

– Ысык-Көл облусунун аймагында жайгашкан Балыкчы, Чолпон-Ата жана Каракол шаарларындагы эс алуу жайларында 47 туристтик багыт жана 55 автобекет текшерүүдөн өткөрүлүп, аныкталган кемчиликтер боюнча тийиштүү жол тейлөө мекемелеринин жетекчилерине кемчиликтерди жоюу боюнча тийиштүү эскертмелер берилди.

Мындай текшерүүлөр республиканын калган аймактарында да жүргүзүлүп, эс алуу жайларына алып баруучу жолдор толук текшерүүдөн өткөрүлдү.

Текшерүүлөрдүн жыйынтыгы менен жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жетекчилерине жана өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларына, пансионаттардын жетекчилерине туристтердин эс алуу учурунда аларга ыңгайлуу шарттарды түзүү үчүн көчө-жолдордун инфраструктурасын жакшыртуу боюнча кечиктирилгис чараларды көрүү боюнча тийиштүү сунуштамалар жиберилди.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Мындан сырткары, жайкы туристтик мезгилде алыскы жана жакынкы өлкөлөрдөн келген туристтерге жана конокторго ыңгайлуу шарт түзүү үчүн КР ИИМдин ЖКККББы тарабынан 20 миң дана атайын буклет түрүндөгү жол барагы (карта-путеводитель) даярдалып, ЖККК постторунун даректери белгиленген жайлар көрсөтүлүп, эгерде жол кыймылынын катышуучуларына, жөнөнкөй жарандарга кандайдыр бир жардам керек болсо же суроолор пайда болгон учурда аларга кечиктирилгис көмөк көрсөтүү үчүн байланыш телефондун номери көрсөтүлүп, аталган буклеттер Кыргыз Республикасынын аймагына кирүүчү негизги чек ара постторунда («Чалдовар», «Черная речка», «Дунларовский мост») таратылууда.

Шанхай кызматташтык уюмунун кезектеги отурумуна даярдык көрүү жана өткөрүү учурунда жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо боюнча КР ИИМдин ЖКККББы тарабынан төмөнкү иш-чаралар жүргүзүлдү:

– 2019-жылдын июнь айында мерчемделген Шанхай кызматташтык уюмунун кезектеги отурумуна даярдык көрүү жана өткөрүү учурунда жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо боюнча боюнча КР ИИМдин ЖКККББнын бирдиктүү дислокациясы иштелип чыгууда жана күч каражаттардын эсеби даярдалып, бекитилди (15.05.2019-ж. №237);

– бекитилген бирдиктүү дислокацияга ылайык Шанхай кызматташтык уюмунун кезектеги отурумуна даярдык көрүү жана өткөрүү учурунда 2 смендүү иштөө убактысы белгиленип, алдын ала такталган күч каражаттардын эсебине ылайык жалпысынан КР ИИМдин ЖКККББнын 696 кызматкери жана 115 кызматтык автоунаа тартылды;

– Шанхай кызматташтык уюмунун кезектеги отурумун өткөрүү учурунда коштоп жүрүүгө жана жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо кошумча тартылган кызматкерлерди ЖККК бөлүктөрүнөн КР ИИМдин ЖКККББна жиберүү жөнүндө КР ИИМдин ЖКККББнын буюрмасынын долбоору даярдалып, 2019-жылдын 31-майында №51-б сандуу буюрмасы жарык көрдү, ага ылайык жер-жерлердеги ЖККК бөлүктөрүнөн тартыла турган кызматкерлердин жана кызматтык унаа каражаттарынын тизмеги такталды;

– Кытай Эл Республикасынын Коммунистик партиясынын төрагасы Си Цзиньпиндин Кыргыз Республикасына мамлекеттик сапар менен келүүсүнө карата КР ИИМдин ЖКККББы тарабынан мотоциклеттик эскорт менен коштоо жүргүзүлмөкчү. Ошого байланыштуу, учурда коштоп жүрүүгө тартылган ЖККК кызматкерлери атайын даярдыктардан өтүрүлдү жана эскпортко чыгуучу мотоциклдер техникалык кароодон өткөрүлдү. Шанхай кызматташтык уюмунун кезектеги отурумуна келген чет мамлекеттердин расмий өкүлдөрүн, чет элдик өкүлдөрүн коштоп жүрүү үчүн КР ИИМдин ЖКККББнын башкармалыктарынын, бөлүмдөрүнүн башчыларынан турган жооптуу кызматкерлер аныкталып, бекитилди;

– ЖКККББнын жана Бишкек шаардык ЖКККБнын жооптуу кызматкерлери Шанхай кызматташтык уюмунун кезектеги отурумуна келген чет мамлекеттердин расмий өкүлдөрүн. чет элдик уюмдардын өкүлдөрүн ташууга тартылган автоунааларды техникалык кароодон өткөрүү боюнча тийиштү иш-чаралар уюштурулду;

– КР ИИМдин 2016-жылдын 9-июнундагы №570 сандуу буйругунун талаптарына ылайык ЖККК бөлүктөрүнүн өздүк курамына күнүмдүк инструктаждарда мамлекеттик расмий өкүлдөрдү коштоп жүрүү жана аларды коштоо учурунда жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча окутуп үйрөтүү иш-чараларды жүргүзүлдү.

Бишкек шаары боюнча:

– ШКУ делегациялары өтүүгө белгиленген жол, көчө тармагы (Ч.Айтматов пр., Чүй пр., Жибек-Жолу пр., Фучик, Махатма Ганди, Рысмендиева, Абдрахманова, Элебесова, Баялинова, Масалиева, Токомбаева, 7-апрель, Курманжан Датка, Фрунзе, Абдымомунова, Семетей, Кожобергенова, 50 лет Победы, Москва, Байтик Баатыр, Жаш Гвардия бульвары) кароодон өткөрүлүп, натыйжада Бишкек Шаардык Мэриясынын «Бишкек асфальтсервис», «Бишкекзеленохоз», Кыргыз Республикасынын ИИМдин ЖКККББ АМЭБ МИ жетекчилигине аныкталган кемчиликтерди кыска убакыт аралыгында жоюу үчүн атайын акт түзүлүп, эскертмелер берилди.

– Бишкек шаарынын аймагында 64,5-чакырым көчө-жолдор текшерилип, анын жыйынтыгында 196 жол белгисин орнотуу керектиги 1620 метр чарчы жол чиймелерин чийүү керектиги аныкталып, жол коммуналдык мекемелерине тийиштүү тапшырмалар берилди.

Чүй областынын аймагы боюнча:

– Чүй областынын аймагы аркылуу өтүүчү Шанхай кызматташтык уюмунун кезектеги отурумуна келген чет мамлекеттердин расмий өкүлдөрүнүн жеке коопсуздугун жана жол коопсуздугун камсыздоо максатында алар жүргөн унаа жолдору:

– «Кой-Таш-Арашан-Аламүдүн» автожолунун 0-14,1-чакырымына чейин;

– «Кой-Таш-Узун-Кыр» автожолунун 0-5,7-чакырымына чейин («Жаннат» мейманканасы);

– «Чоң-Арык-Подхоз-Чоң-Таш эс алуу үйү» автожолунун 0-5,1-чакырымына чейин;

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



– «Чоң-Арык-Ала-Арча паркы» автожолунун 0-27,1-чакырымына чейин;

– «Бишкек-Кой-Таш-Ысык-Ата» автожолунун 10-23-чакырымына чейин;

– «Бишкек-аэрпорт «Манас» жолу» автожолунун 7,5-30-чакырымына чейин.

– «Бишкек-Маевка-Ылдыйкы-Ала-Арча-СЭЗ» 0-21 чакырымына чейинки автожолдор кароодон өткөрүлүп, аныкталган кемчиликтер боюнча атайын актылар түзүлүп, атайын эскертмелер Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жолдор министрлигинин №25, №958-жана №1-жол чарба мекемелеринин башчыларына берилди. Андан сырткары Чүй областынын аймагы аркылуу өтүүчү Шанхай кызматташтык уюмунун кезектеги отурумуна келген чет мамлекеттердин расмий өкүлдөрүнүн жеке коопсуздугун жана жол коопсуздугун камсыздоо максатында алар жүргөн унаа жолдорунда жалпы 59 жол белгиси, 59,6 метр чарчы жол чиймелерин чийүү жана 7 жол белгисин алмаштыруу боюнча кошумча тапшырма берилди.

Жалпысынан алганда, Бишкек шаары жана Чүй областынын аймагы аркылуу өтүүчү Шанхай кызматташтык уюмунун кезектеги отурумуна келген чет мамлекеттердин расмий өкүлдөрүнүн жеке коопсуздугун жана жол коопсуздугун камсыздоо максатында алар жүргөн көчө, унаа жолдорунда жалпы 255 жол белгиси жок, 27 жол белгиси алмаштырууга муктаж жана 1679,6 метр чарчы жолго жол чийимдерин чийүү керектиги аныкталып, булл боюнча Бишкек шаардык мэриясынын «Бишкек асфальтсервис», «Бишкекзеленохоз», Кыргыз Республикасынын ИИМдин ЖКККББ АМЭБ МИ жетекчилигине, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жолдор министрлигинин №25, №958-жана №1-жол чарба мекемелерине тийиштүү актылар түзүлүп, кыска убакыт аралыгында аларды жоюу боюнча эскертмелер берилди.

Кыргыз Республикасынын ШКУнун (ШОС) кезектеги Саммитине 11 өлкөнүн башчылары келди (Кытай, Монголия, Индия, Пакистан, Афганистан, Иран, Казакстан, Россия Таджикистан, Өзбекстан, Белорусь).

Чүй облусу боюнча: Кытай Эл Республикасынын төрагасы Си Цзиньпин, Монголия Республикасынын президенти Халтмаагийн Баттулга келген учурда негизги жана резервдик багыт боюнча жолдор аныкталды жана жол коопсуздугун камсыздоо боюнча ЖККК кызматкерлери тартылды.

Бишкек шаары боюнча:

«Дамас» мейманканасына Иран Республикасынын Президенти Хасан Руханий келген учурда, «Орион» мейманканасына Индиянын Премьер-министри Нарендра Моди келген учурда, «Манас» эл аралык аэропортунан Бишкек Шаарына чейин жана Бишкек шаарынын көчө-жолдору аныкталып, жол коопсуздугун камсыздоо боюнча ЖККК кызматкерлери тартылды. Ал эми жогорудагы Саммитке келген Кытай, Россия, Өзбекстан, Казахстан, Таджикистан, Белоруссия, Индия, Пакистан, Казакстан, Иран мамлекеттеринин башчылары Эне-Сай мамлекеттик резиденциясы келген учурда, «Манас» эл аралык аэропортунан Бишкек шаарына чейин, Бишкек шаарынын көчө-жолдорунан Эне-Сай мамлекеттик резиденциясына чейинки жолдор аныкталды жана жол коопсуздугун камсыздоо боюнча ЖККК кызматкерлери тартылды.

Шанхай кызматташтык уюмунун кезектеги отурумуна даярдык көрүү жана өткөрүү учурунда 2 смендүү иштөө убактысы белгиленип, алдын ала такталган күч каражаттардын эсебине ылайык жалпысынан КР ИИМдин ЖКККББнын 696 кызматкери жана 115 кызматтык автоунаа тартылмакчы. Ошондой эле коомдук тартипти жана жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу максатында Бишкек шаарынын аймагында 90 жерге антитаран жана 8 эвакуатор, Чүй областынын аймагында 54 жерге антитаран жана 4 эвакуатор, Чүй областынын аймагында 54 жерге антитаран жана 4 эвакуатор коюлду.

Ал эми, Мамлекеттик башчыларды коштоп жүрүү учурунда негизги багыттар боюнча 1-категориядагы, ал үми кошумча багыттар боюнча 3-категориядагы посттор коюлду.

Мындан сырткары, Шанхай кызматташтык уюмунун кезектеги отурумуна даярдык көрүү жана өткөрүү учурунда жол тыгындарын пайда болушуна жол бербөө жана жол кыймылынын катышуучуларына ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында КР ИИМдин ЖКККББы тарабынан чет мамлекеттердин расмий өкүлдөрүн ташыган жана коштоп жүргөн унаа каражаттары үчүн Эркиндик бульварында жайгашкан Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин имаратынын маңдайында, Абдымомунов көчөсүндө, Тыныстанов жана Раззаков көчөлөрүнүн ортосундагы жол тилкесинде жана «Ата-Бейит» мемориалдык комплексинин аймагында унаа каражаттарын токтотуучу атайын жайлар аныкталды;

– Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо иштеринин натыйжалуулугун арттыруу максатында Шанхай кызматташтык уюмунун кезектеги отурумуна келген чет мамлекеттердин расмий өкүлдөрүнүн жеке коопсуздугун жана жол коопсуздугун камсыздоо, жарандардын коопсуздугун сактоо, өрт чыгуу учурларын алдын алуу максатында алап жүргөн унаа жолдордо жайгашкан май жана газ куйуучу жайларга

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



мониторинг жүргүзүлүп, жогорудагы иш-чараларды өткөрүү учурунда аталган объектилерге кээ бир чектөөлөр киргизилди [4].

Жогорудагы иш-чараларды өткөрүү учурунда келген коноктордуу жолдодо коопсуз коштоп жүрүү үчүн Бишкек шаарында жана Чүй областынан өткөн эл аралык маанидеги жолдордун четинде мыйзамсыз соода-сатык түйүндөрү жабылды.

Шанхай кызматташтык уюмунун кезектеги отурумуна келген чет мамлекеттердин расмий өкүлдөрүн, чет элдик уюмдардын өкүлдөрүн коштоп жүрүү учурунда Бишкек-«Манас» аэропорту автожолу жана Бишкек шаарынын кээ бир көчөлөрү кез-кези менен убактылуу жабылаары жөнүндө коомчулукка интернет сайттарында 30, гезит беттеринде **15** жана теле-радио берүүлөрдөн **8** жолу тийиштүү маалыматтар чагылдырылды.

**Адабияттар:**


1. Официальный сайт ГУОБДД МВД КР [Электронный ресурс] https://guobdd.kg/directory.
2. Министерство юстиции Кыргызской Республики. [Электронный ресурс] http://minjust.gov.kg/ru/
3. Правила дорожного движения Кыргызской Республики. Утверждены постановлением Правительства Кыргызской Республики от 4 августа 1999 года № 421 и введены в действие с 1 сентября 1999 года (В редакции постановления Правительства КР от 3 марта 2009 года №136)
4. Проект «Безопасный город». Электронный ресурс: https://guobdd.kg/safecity.
5. Указания по обеспечению безопасности дорожного движения на автомобильных дорогах. ВСН 25-86/Минавтодор РСФСР.-М.: Транспорт, 1988.- 183с.
6. Руководство по оценке пропускной способности автомобильных дорог. Минавтодор РСФСР. - М.: Транспорт, 1982. - 88 с.
7. Рекомендации по оценке эффективности дорожно-ремонтных работ. - М.: 2018. - 78 с.
8. Акматова А.Т. Первоначальные следственные действия при расследовании дорожно-транспортных происшествий. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 4. С. 195-200.
9. Акматова А.Т. Основные проблемы расследования дорожно-транспортных происшествий. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 4. С. 215-219.